**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин өткөн жыл үчүн пландын аткарылышы жөнүндө маалымат (билим берүү уюмунун өнүгүү планынын бардык стратегиялык максаттары боюнча) же өткөн жылдар үчүн билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосу**

**Стратегиялык максат 1**

**Окуучулардын окууга болгон кызыгуусун арттыруу менен ,окуу процессин өркүндөтүү**

| № | Күтүлгөн жыйынтыктар | 1-жыл | 2-жыл | 3-жыл | 4-жыл | 5-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мугалимдер сабак өтүүдө инновациялык ыкмаларды пайдаланышат | 33% | **60%** | 75% | 80% | 100% |
| 2 | Окуу кааналарынын метод. адабияттар менен толукталуусу, сайттар менен иштөө артат. | 30% | 58% | 70% | 90% | 100% |
| 3 | Интеллектуалдык активдүүлүк,мугалимдерди шыктандыруу. Сыйлануучу мугалимдердин санынын өсүшү. | 20% | 35% | 35% | 35% | 40% |
| 4 | Мугалимдердин сабак өтүүсүнүн жана профессионалдуулугунун жогорулашы. | 25% | 60% | 70% | 80% | 90% |
| 5 | Жаш мугалимдерге жардам. Сабак өтүүнүн сапаты жогорулайт. | 90% | 90% | 90% | 92% | 93% |
| 6 | Билим жогорулайт | 1-4-класстардын жетишсиз китептерин камсыздоо | Орус тилинде окуган 7-класстын китептерин камсыздоо | Орус тилинде окуган 8-9-класстын китептерин камсыздоо | 75% | 85% |
| 7 | Билим беруу процессинде тартиптин жогорулашы | 40% | 60% | 70% | 80% | 90% |

**Өткөн 2021-2022- окуу жылы (аккредитациялоонун алдыңкы жылы)боюнча**

- Сабак өтүүдө жаңы технологияларды киргизүү менен педагогикалык чеберчиликти өркүндөтүү иштери 80% аткарылды. Мугалимдер онлайн жана офлайн түрдөгү сабак өтүүнүн технологияларын өнүктүрүүгө багытталган мектеп ичиндеги, шаардык, областтык, республикалык масштабдагы семинарларга катышууда. Алсак:" Керемет окуу", "Маалыматтык технологиялык сабаттуулук, " Сабак апп", " Баалоо апп", "Пиза долбооруна даярданабыз"ж.б.
- Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуулары 70 % жетти. Башкача айтканда планда мерчемделген нормага 20% жеткен жок. Бул акыркы окуу жылында мектепке жаш, жаңы бүтүп кадрлардын толукталуусу менен түшүндүрүлөт. Кесиптик чеберчиликти жогорулатууга: билимин өркүндөтүү курстарынын ( 72 жана 36 сааттар боюнча) онлайн, офлайн жүрүшү, билим сапатынына болгон талаптардын өсүшү , китепканага окуу- методикалык куралдардын келишинин көбөйүүсү, электрондук тармактардагы түрдүү билим берүүчү сайттарды ( Зуум, ватсап, классруум, видео сабактар) пайдалануунун артышы таасирин тийгизүүдө. Бирок жаш үй- бүлөлүү кадрлардын офлайн түрүндө кесиптик чеберчиликти жогорулатуу курстарынан Ош шаарына барып өтүп келүүсү бир аз ыңгайсыздыктарды жаратып, офлайн курстадан гана өтүшүп жатышат.
- Эмгекке мотивация берүүнүн эффективдүү системасын түзүү иштери 35 % ке жогорулады. 2022-жылга чейин шыктантандыруу КТУ аркылуу ишке ашырылып келсе, азыркы мезгилде мектептин педкенешинин жыйындарында , ата-энелер жыйындарында түрдүү грамота, сыйлыктарга көрсөтүлөт. Акыркы 5 жылда 18 мугалим түрдүү масштабдагы грамоталар жана белектер менен сыйланды.
- Мугалимдердин кесиптик денгээлин жогорулатууда түрдүү семинар,тренингдерди өтүү 80% ке өстү. Мектепте ар чейрек сайын тажрыйба алмашуу, жаны сабак өтүү ыкмалары менен бөлүшүү максатында семинар, тренигдерди өтүү салтка айланды.Мисалы: "Сабак өтүүнүн жаны ыкмалары", " Баалоо нормалары", "Өздөштүрүүсү начар балдар менен иштөө" , " Мектеп- үй бүлө- окуучу"," Сабак өтүүнүн инновациялык методдору", " Мектеп документтери менен иштөө", "Мугалимге жүз насаат"ж.б.
- Жаш мугалимдер менен насаатчылардын иштөөсү 90% жетти. Бардык жаш мугалимдерге насаатчылар бекитилип, иш пландын негизинде иш жүргүзүлүп, окууу жыл аягынада мектепте жана шаарда " Жаш мугалимдин отчету" берилип, жаш мугалимдердин сабак берүү ыкмаларынын , тажрыйбаларынын жогорулоосу байкалууда..
- Китепканада окуу- методикалык китептер менен камсыз болуу кыргыз класстарда 63,29%, орус класстарда 52% , орточо камсыздоо 57,46% түздү. Бирок бул планда коюлган нормага жетпейт. Негизги себеп окуучулардын санынын өскөндүгүндө жана көп окуу китептеринин аз келишине байланыштуу. Акыркы жылдарда ББжИМне буюртма берүү жана ата-энелердин демөөрчүлүгүнүн негизинде китеп менен камсыз болуу 15 % ке жогорулап жатат.
- Мектеп кызматкерлеринин эмгек тартибинин, жоопкерчилигин жогорулашы 80% жетти. Мугалимдер ички эмгек эрежелери менен тааныштыруу, эмгектик келишим түзүүнүн, функционалдык милдеттерди тааныштуруу, мугалимдин этикалык эрежелерин сактоого чакыруу иштеринин өсүшү аркасында кызматтык жоопкерчиликтер жогорулоодо.

| № | Милдет | Күтүлгөн продукт/ натыйжа | Жооптулар | Пландуу мөөнөттөр | Аткаруу статусу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мугалимдердин сабак өтүүдө инновациялык ыкмаларды колдонуу менен чыгармачыл сабак өтүүсүн жогорулатуу | Сабактар кызыктуу, сапаттуу жана турмуш менен байланыштуу өтулөт. | Администрация, МУБ жетекчилери | Дайыма | Ачык саат, семинар ж.б. |
| 2 | Мугалимдердин текчелерин методикалык адабияттар менен толукталуусун жогорулатуу жана билим берүүдө пайдалануу | Ар бир предметтик мугалимдин текчесинде методикалык, олимпиадаларга даярдоо жана кошумча маалыматтар алуу үчүн китептердин көбөйүшү | МУБ жетекчилери, китепканачы | Дайыма, пландуу | Китепканага келген методикалык китептерди жана өз эсебинен сатып алуу менен |
| 3 | Интеллектуалдуу, активдүү окуучуларды жана мугалимдерди шыктандырууну көбөйтүү | Активдүү окуучуларды жана мугалимдерди шыктандыруу максатында түрдүү сыйлыктарга көрсөтүү; жолугушуу, конкурс, престтерге катыштыруу | Администрация, МУБ, Камкорчулук кеңеши | Жыл ичинде | Демөөрчүлөр, камкорчулук кеңеш аркылуу |
| 4 | Мугалимдердин өз билимин өнүктүрүү иштерин жогорулатуу | Ар үч жый сайын өз билимин өнүктүү курстарынан өтүүнү камсыздоо (онлайн, оффлайн курсатарынан өткөрүү), жаңылыктар менен бөлушүү | Администрация, МУБ жетекчилери, мугалимдер | График боюнча | Мамлекеттик каржылоо жана өз эсебинен |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Жаш мугалимдердин сабак өтүү чеберчилигин өнүктүрүү | Жаш мугалимдердин тез калыптануусу, билиминин жогорулашы | Окуу бөл.башчылары, МУБ жетекчилери, насаатчылар | Жыл ичинде | Семинар, сүйлөшүү, өз ара сабактарга катышуу |
| 6 | Окуу китептери менен камсыздоону арттыруу | Жетишсиз окуу китептеринин көбөйтүү, демөөрчүлөрчүлүктү арттыруу | Администрация, Китепканачы | План боюнча | Буюртма берүү жана демөөрчүлүк аркылуу |
| 7 | Мугалимдер арасында профессионалдык этиканы жогорулатуу | Мектепте жогору маданияттуу, ар тараптуу өнүккөн мугалимдерди калыптандуруу | Администрация, профком | Жыл ичинде | Тааныштыруу, суйлөшүү, семинар аркылуу |

**Стратегиялык максат 2**

**Шыктуу балдарды колдоо системасынын өнүгүшү**

| № | Күтүлгөн жыйынтыктар | 1-жыл | 2-жыл | 3-жыл | 4-жыл | 5-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Шыктуу балдар менен иштөөнүн методикасы жогорулайт | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| 2 | Балдардын түрдүү чыгармачыл конкурстарда катышуусунун өсүшү. Шаардык, областтык олимпиадаларда байгелуу орун алуу өсөт. | 40% | 55% | 60% | 75% | 85% |
| 3 | Талантуу балдардын өнүгүшү. Ийгилик-терге шыктандыруу артат. | 20% | 25% | 35% | 50% | 55% |
| 4 | Билим сапатынын жогорулайт, ден соолуктун чыңдалат. | 45% | 50% | 65% | 70% | 80% |

**Өткөн 2021-2022-окуу жылы (аккредитациялоонун алдыңкы жылы) боюнча**

- Мектепте "Шыктуу балдар тобу" менен иштөө планы бекитип, окуучулардын тизмеси жыл сайын такталып, түрдүү багыттагы иш-чараларга тартуу 80%ке аткарылып келет. Акыркы беш жылдыкта "Шыктуу балдар менен иштөө " программасы жакшы жолго коюлууда. Мектепте шыктуу балдар менен иштөөнү терендетүү максатында семинар,тренингдер өтүлүп, мугалимдердин тажрыйбалары өсүүдө.
- Окуучулар шаардык, областтык , республикалык масштабда өткөрүлгөн предметтик олимпиадаларда,"Манас таануу" конкурсунда, "Билерман ордо "," Жаш ойлоп табуучу", кыргыз почтасы тарабынана өткөрүлгөн эпистолярдык жанрдагы дил баян жазуу конкурстарында, түрдүү дил баян, ыр-бий конкурстарда, спорттук спартакиадаларда ийгиликтүү катышып, байгелүү орундарга ээ болуп жатышат.
- Мындан сырткары мектеп ичинде талантуу балдарды шыктандуруу максатында ар бир окуу жыл аягында "Жылдын мыкты окуучусу", "Жылдын мыкты олимпиадачысы", " Мыкты спортсмен"," Мыкты коомдук ишмери"ж.б.номинацияларын берүү салтка айланган. Окуучуларга " Мактоо грамоталары " менен бирдикте баалуу сыйлыктар берилет.
- Шыктуу балдар менен иштөөнү терендетүү менен балдар арасында билим алууга болгон кызыгуусу терендеп, ден- соолукту чыңдоочу иш- чараларга катышуучу окуучулардын активдүүлүгү артууда. Шыктуу балдар менен иштөө планын толук аткарууга тоскоол болуп мектептин материалдык- техникалык базасынын жетишсиздиги,эскилиги, предметтик сабактар боюнча кошумча окуу китептеринин аздыгы жана ата- энелер тарыбан колдоонун аздыгы таасир этүүдө.

| № | Милдет | Күтүлгөн продукт/ натыйжа | Жооптулар | Пландуу мөөнөттөр | Аткаруу статусу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | "Шыктуу балдар " электрондук банкын түзүүнү өнүктүрүү | Шыктуу балдар менен иштөөнүн методикасы терендейт, жогорулайт | Предметтик мугалимдер, окуу бөлүмүнүн башчысы А.Эгембердиева | Жыл ичинде | Семинарлар, тажырыйба алмашуулар |
| 2 | Шыктуу балдар тобунун ишин терендетүү үчүн чыгармачыл чөйрөнү , шарттарды өнүктүрүү, өркүндөтүү | Балдардын кошумча билим алуусу үчүн окуу куралдары, компьютер, предметтик көрсөтмө куралдар, каражаттар көбөйөт, интернет | Администрация | Жыл ичинде , 2023- жыл аягына чейин | Мамлекеттик бюджеттен, демөөрчүлөр менен иштешүү менен |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | түйүнүнө бардык кааналар кошулат | | | |
| 3 | Шыктуу балдарды колдоо, шыктандыруу үчүн көзөмөлчүлүк кеңешинин, демөөрчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн каражаттарын тартууну көбөйтүү | Түрдүү сынак, конкурстардын жеңүүчүлөрүнө баалуу белек, сыйлык берүү көбөйөт. | Көзөмөлчүлүк кеңеш, демөөрчүлөр, мектеп администрациясы | Жыл жыйынтыгы боюнча, окуу жыл аягында | Грамота, белектер, ыраазычылык каттары |
| 4 | Шыктуу балдардын санын түрдүү багыттагы жана масштабдагы сынактарга, олимпиадаларга, конкурс, изилдөөчүлүк иштерине, кружок сабактарына,спорт-тук секцияларга катышуусун арттыруу | Түрдүү сынак, конкурстарга катышкан балдардын саны көбөйөт, билим сапаты жогорулайт, тартип жакшырат. | Предеттик мугалимдер, окуу бөлүмүнүн башчылары | План боюнча, жыл ичинде | Кошумча сабак өтүү, семинар, жолугушуу, КВН, кужок иштери |

**Стратегиялык максат 3**

**Баланын ден соолугунун өнүгүшүндө,чыңдалуусунда эффективдүү чөйрөнүн түзүлүшү**

| № | Күтүлгөн жыйынтыктар | 1-жыл | 2-жыл | 3-жыл | 4-жыл | 5-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын ден соолугунун абалы тууралуу бирдиктүү маалымат базасынын түзүлүшү артат. | 80% | 90% | 95% | 96% | 98% |
| 2 | Сан ПиН дин талаптарына билим берүү чөйрөсүнүн жооп берүүсү, билим берүү процессинде коопсуз шарттын түзүлүүсү дал келет. | Жаңы ажаатканa куруу Ашкана эски терезелерин жаңылоо | Балдар ичүүчү таза суу менен камсыздоо Кааналардын дубалдарына санитардык ленталар коюлат. | Антисеп-тикалык каражат-тар, дозаторлор менен камсыз-доо | Ашкана-нын идиш-аяктарын толуктоо | Предметтик бардык кааналарда энергия үнөмдөөчү лампочкаларды орнотуу |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Мектеп окуучуларынын ден соолугунун чыңдалышы жана корголуусу жогорулайт. | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| 4 | Ар бир класстарда ден соолук бурчтары, ден соолукту чыңдоочу каражаттар, маалыматтык такталар уюштурулат. | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| 5 | Балдар колду туура жууга үйрөнөт, суюк кол жуучу самындар, дозаторлор орнотулат, ысык жана муздак сууну менен толук камсыздалат. | Ашканага кол кургатуучу аппараттар-ды орнотуу | Ичүү үчүн аридорго таза суу жана жылуу суу орнотуу | Түрдүү семинар, трениг өткөрүү | 90% | 95% |
| 6 | Окуучулардын спорттук жетишкендиктери - нин өсөт .Массалык спорттук иш-чараларда активдүү катышышат. | Спорт залдын 2м.кв эски полун алмаштыруу | 2жарытуу-чу прожектор коюу, вешалка жаңылоо | 2 прожек-тор коюлат | Спорттук оюн каражаттарын жаңылоо | Спорт залга таза суу алып кирүү |
| 7 | Дени сак жашоону түзүүгө тарбияланат. Спорт зал керектүү спорттук инвентарлар менен камсыздалат. | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |

**Өткөн 2021-2022-окуу жылы (аккредитациялоонун алдыңкы жылы) боюнча**

- Окуучулардын ден соолугунун абалы тууралуу бирдиктүү банк түзүү 96% аткарылган. Бардык окуучулардын ден соолугу тууралуу карто- схемалык маалыматтар толук түзүлүп, мектептин медсестрасында сакталат. Медпункт жаңы медициналык дарылар, каражаттар, эмеректер( кол жуучу жай, бой өлчөгүч, кушетка, стол, стул ж.б.) менен толукталган.

-Мектепте СанПин тарабынан коюлган талаптар толук 100% ке аткарылган: 2019-жылы жаңы ажааткана курулган;балдар үчүн таза суу линиясы 2020-жылы киргизилген; санитардык антисептикалык каражаттар, дозаторлор менен жетиштүү камсыздалган; ашкана үчүн идиш-аяктар (ата-энелердин спонсордук жардамы менен) толук комплектелген. Окуу кааналырын 90%ти электр үнөмдөөчүжарыктанууга алмашылды.

- Башталгыч класстарда сапатуу ысык-тамак 100%ке уюштурулган. Мамлекеттик каржылоого ата-энелер тарабынан спонсордук каржылоонун кошулуусу менен беш күн эти менен ысык тамак жана витаминдүү азыктар, шербеттерди берүү уюштурулган.
- Өспүрүмдөр арасында жаман адаттарга каршы күрөшүү, укук бузуучулуктун жана зордук- зомбулуктун алдын алуу боюнча иш чаралар 100% ке аткарылууда. Пландалган коомчулук, врачтар, дин өкүлдөрү менен жолугушуулар, тарбиялык саатар өткөрүлүп, ден соолук бурчтары түзүлгөн. Окуучулар арасында тартип бузуулар кескин азайып, тартип жакшырды.
- “ Таза колдор” программасы пландалган 90% ке аткарылууда. Колду таза жууга үйрөтүүчү сабактар өткөрүлөт, дозаторлор, кургатуучу аппараттар орнотулган, окуучулар үчүн ичүүгө өзүнчө таза суу линиясы Юнисеф долбоорунун жардамында киргизилген.

- Окуучулардын ден- соолугун чыңдоо, спорттук жетишкендигин жогорулатууга багытталган иш мерчеми 100%ке аткарылды. Спорт залдын 2м.кв. эски полу 2021-2022-окуу жылында алмашылып,4 прожектор коюлду.
- Волейбол сеткасы, топтор, шахмат, тогуз коргоол такчалары спонсордук жардамдар аркылуу жаңыланды. Бирок терезелерин жаңылоо жана жылытуу системасын оңдоо иштери быйылкы жылдын планында, таза суу линиясын алып кирүү жакынкы жылдары пландаштырылууда.

| № | Милдет | Күтүлгөн продукт/ натыйжа | Жооптулар | Пландуу мөөнөттөр | Аткаруу статусу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын ден соолугунун абалы тууралуу бирдиктүү банктын түзүлүүсүн өнүктүрүү | Окуучулардын ден-соолугу, үй- бүлөлүк шарты боюнча толук маалыматтар түзүлөт | Класс жетекчилер, медсестра | Сентябрь | Отчет, справка берүү |
| 2 | Окуу- тарбия процессинде Сан ПиН дин жана ӨКМдин нормаларын аткарууну көзөмөлдөө:<br>-мектепте расписание түзүүдө;<br>- Коопсуз окуу чөйрөсүн камсыз кылууну жакшыртуу | Коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү өнүгөт, сабактарды окутуу режими талапка жараша түзүлөт | Директор,<br>окуу бөлүмүнүн башчылары | Жыл ичинде | Санпиндин, ӨКМдин корутундулары |
| 3 | Балдарга сапаттуу ысык тамакты камсыз кылууну улантуу | Балдарга саптаттуу, витаминдүү тамак берүүнү уюштуруу улантылат | Ашпозчу, тамакка жооптуу кызматкер | Жыл ичинде | Ысык тамак уюштуруу боюнча журнал, отчет |
| 4 | Балдардын жана өспүрүмдөрдүн арасында кылмыштуулук, зордук-зомбулукка каршы күрөшүүгө багытталган иш чараларды көбөйтүү. Наркомания жана уурулуктун алдын алуу чараларын күчөтүү. | Балдар арасында кылмыштуулук , укук бузуучулук азаят. Тартиптүүлүк, жоопкерчилик жогорулайт. | Тарбия завучу,<br>Соцпедагог,<br>ИДН | План боюнча | Жолугушуу, семинар, конкурс, экскурция |
| 5 | “Таза колдор “<br>программасын өнүктүрүү | Балдардын арасында оорулар азаят. Ден соолукту коргоо боюнча сабактарды өтүү көбөйөт. | Класс жетекчилер, медсестра | План боюнча | Тарбиялык саат, конкурс, куунак старттар |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Спорттук базаны чыңдоону күчөтүү | Спорттук оюндар менен машыгуулар үчүн материалдык база кеңейет. . | Дене тарбия мугалимдер, администрация | План боюнча | Спорттук каражаттарды сатып алуу, спорт залды ремонттоо |
| 7 | Ден соолук күндөрүн, спорттук ден соолукту чыңдоочу иш чараларды өткөрүүнү улантуу | Түрдүү багыттагы спорттук оюндар боюнча жарыштар, иш- чаралар көбөйөт.Балдар кызыгуусу жогорулап, кечкисин көчөдө жүрүүлөр азаят. Ден соолук чыңдалат. | Дене тарбия мугалимдери, Тарбия завучу, Класс жетекчилер | План боюнча | Мектеп ичинде, шаардык жана жолдоштук спорттук оюндардын беттешүүлөрүн өткөрүү |

**Стратегиялык максат 4**

**Мектептин материалдык – техникалык базасын чыңдоо**

| № | Күтүлгөн жыйынтыктар | 1-жыл | 2-жыл | 3-жыл | 4-жыл | 5-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектептин инфраструктурасын жакшырат | 1-кабаттын жылытуу системасынын трубасы, жарыктандыруусу алмашат | 2-кабаттын каридорунун жарыктандыруусу (22 даана)алмашат | 1-кабаттын 3 эшиги алмашат | 3-кабаттын жарыктандыруусу алмашат | 2,3-кабаттын жылытуу системасы-нын 30%ти ремоттолот. |
| 2 | Техникалык жабдуулардын саны көбөйөт | Принтер,компьютер санын көбөйтүү | 5 каананы телевизор менен камсыздоо, жаңы 3 байкоочу камера орнотуу | 6 каананы телевизор менен камсыздоо | Толук интернет түйүнүнө туташты-руу | Компьютер классын толук камсыздоо |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Окутуунун абалынын жакшырат | 20% | 25% | 40% | 55% | 50% |
| 4 | Өрт коопсуздугу .санитардык талаптар жакшырат | Электрдик жабдуу,точкаларды жаңылоо | Тепловизор алуу; өрткө каршы баллондорду жаңылоо | Өрткө каршы шитти жаңылоо | Элетрдик чубалгы-лардын 30% алмашты-руу | Элетрдик чубалгы-лардын 40% алмашты-руу |
| 5 | Жаңы технологияларды сатып алуу жана өздөштүрүү жогорулайт | 4 дааана компьютер алуу | 2 даана принтер алуу | 3в 1 принтер алуу | 1 даана түстүү принтер алуу | 3 даана байкоочу камера орнотуу |
| 6 | Мектепти жылытуу системасы жакшырат | Жылытуу печкасын ремоттоо | 30 метр жылытуу трубасын ремонттоо | 30 метр жылытуу трубасын жаңылоо | От жагуучу жайды ремонт-тоо | От жагуучу казанды жаңылоо |

**Өткөн 2021-2022-окуу жылы (аккредитациялоонун алдыңкы жылы) боюнча**

- Мектептин инфраструктурасын жакшыртуу 100%га аткарылды. Жыл сайын мамлекеттик , жергиликтүү жана демөөрчүлүк каржылоо менен мектепте ремонттоо жүргүзүлөт. Планда мерчемдемген 1- кабаттын 300м жылытуу системасы жергиликтүү бюджеттин жардамында 2019-жылы ремонттолду. 2020-2022-окуу жылдарында 1,3-кабаттын коридорлорунун жарыктануусу жарык үнөмдөөчү флакондорго алмашылды, ошондой эле 1- кабаттагы негизги эшик бүтүрүүчү юбиляр окуучулар тарабынан пластик эшигине , ал эми кошумча 2 эшик жергиликтүү башкаруу органдарынын каржылоосу менен жыгач эшиктерге , мектеп короосу жаңы темир тосмолорго алмашты. Быйылкы окуу жылында 2- кабаттын коридорунун жарыктануусун жарык үнөмдөөчү флакондорго алмаштыруу жана 2,3-кабаттын жылытуу системасын ремонттоо пландаштырылууда.
- Мектепти оргтехникалык жабдуулар менен камсыздоо боюнча мерчемделген иштери 90% аткарылды. Мектептин техникалык базасында 26 компьютер; 1 электрондук доска; 9 проектор; 2 проектор үчүн полотно; 3/1 принтери 4; жөнөкөй принтер 3; 1 түстүү принтер; 8 телевизор; 6 байкоочу камера камсыздалды. Окуу кааналарынын 90% интернет түйүнүнө туташты.
- Мектеп эмеректерин жаңылоо 35% ке аткарылып, бир аз пландалган проценттен төмөн. 2021-2022-окуу жылында жергиликтүү бюджеттин каржылоосунан 1 класс комплект стол, стулдар менен жаңыланды. Негизинен мектепте эмеректер жетиштүү, бирок эскилиги жетип ыңгайсыздыкты жаратууда. Быйылкы окуу жылында демөөрчүлөрдүн жардамында дагы 1 класс эмеректер менен жабдуу пландаштырылууда.
- Өрт коопсуздугу жана санитардык нормалардын сакталышы боюнча планда каралган бардык иш-чаралар толук аткарылды. Электрдик точкалар толук жаңыланды, 6 тепловизор, 12 өрткө каршы баллон, өрткө каршы калкан жаңыланды, элетрдик чубалгылар

30%ке алмашылды. Мектеп 2023-жылдын февраль айында Юнисеф долбоору тарабынан өрт коопсуздугунан сактануу үчүн 2 комплект коргонуучу каражаттар менен камсыздалды.

- Мектептин жылытуу системасын жакшыртуу максатында пландалган иштер толук 100% аткарылды: 1- кабатта 300м жылытуу системасы алмашылды, 30 м жылытуу системасы жаңыланды. 2022-2023-окуу жылына от жагуучу печка ББжИМнин каржылоосу менен жаңыланды, от жагуучу жай жыл сайын ремонтоодон өтүүдө.

| № | Милдет | Күтүлгөн продукт/ натыйжа | Жооптулар | Пландуу мөөнөттөр | Аткаруу статусу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жыл сайын пландуу ремонттоо иштерин жүргүзүүнү улантуу | Окуу- тарбия процессинин шарты жакшырат, ыңгайлуулук жаралат | Администрация, завхоз | Окуу аягында | Ремонттоо |
| 2 | Кааналарды оргтехникалык жабдуулар менен камсыздоону арттыруу | Сабакты техникалык жабдуу жакшырат, Билим сапаты жогорулайт. | Мектеп администрациясы, Көзөмөлчүлүк кеңеш. | Жыл ичинде | Суйлөшүү, кайрылуу |
| 3 | Мектеп эмеректерин жаңылоо үстүндө иштөө | Окуучулар үчүн ыңгайлуу шарт түзүлөт, сабакка кызыгуу артат. | Мектеп администрациясы | План боюнча | Сураныч каттар, демөөрчүлүк, |
| 4 | Өрт коопсуздугу жана санитардык нормалардын сакталышын камсыздоону күчөтүү | Коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү жакшырат | Шаардык Санпин жана ӨКМ бөлүмү, администрация | Окуу жыл башында | ЖК күнүн өткөрүү, тарбиялык сааттар, каражаттарды сатып алуу |
| 5 | Компьютердик техникалар менен камсыздоону жакшыртуу | Компьютер каанасы түзүлөт. МКТ база жакшырат. | Мектеп администрациясы | Жыл ичинде | Проекттер, кайралуу жана сураныч каттар |
| 6 | Күзгү-кышкы жылытуу сезонуна даярданууну өнүктүрүү | Мектептин күзгү- кышкы даярдыгы жакшырат. Ыңгайлуу чөйрө түзүлөт. | Мектеп администрациясы | Август- сентябрь | Ремонттоо иштери, демөөрчүлүк, кайрылуу жана билдирүү каттары |

Мектеп директору : Сарытаева Д.Т.